Шарафидин Конурбаев атындагы Боролдой орто мектеби

# Тема: Тууранды сөздөрдүн жазылышы жана анын тыныш белгилери

Класс: 7

## АЧЫК САБАКТЫН ШИЛТЕМЕСИ



МУГАЛИМ: Тавалдиева Г.Б.

2022-окуу жылы

**Сабактын темасы:** Туура́нды сөздөрдүн жазылышы жана анын тыныш белгилери

**Сабактын максаттары:**

| БИЛИМ БЕРҮҮЧҮЛҮК МАКСАТЫ | ТАРБИЯЛЫК МАКСАТЫ | ӨНҮКТҮРҮҮЧҮЛҮК МАКСАТЫ |
|---|---|---|
| Окуучулар бул сабакта тууранды сөздөрдүн жазылышы жана анын тыныш белгилери тууралуу толук маалымат ала алышат жана орфография, орфоэпия, пунктуация жөнүндө мурунку алган билимдерин эске салышат; | Окуучулар сабакта алтын эрежелерди сактоого, бирин – бири сыйлоого, ата – эненин кадыр - баркын билүүгө жана адептүү; ыймандуу болууга тарбияланышат. | Шамдагайлыкка жана аракетчилдикке; өз оюн тартынбай айтууга, ошол эле учурда топ мүчөлөрүнүн жеңип чыгуусу үчүн колунан келген аракетин жасоого, туура жана так сүйлөөгө, кыска жана мазмундуу сүйлөөгө тарбияланышат. |
| | | |
| | | |

**Сабактын тиби: аралаш сабак**

**Сабактын формасы: топ менен иштөө**

**Сабакта колдонулуучу методдор жана ыкмалар: интерактивдүү, дедуктивдүү**

**Сабактын башка илимдер менен болгон байланышы: тарых, кыргыз адабияты, саясат, искусство, адеп ж.б.**

**Сабактын жабдылышы: таркатма материалдар, слайд, видео роликтер, ар кандай көрсөтмө куралдар.**

**Сабактын түзүлүшү**

| № | САБАКТЫН ТҮЗҮЛҮШҮ | МУГАЛИМДИН АРАКЕТИ | ОКУУЧУНУН АРАКЕТИ | УБАГЫ |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Уюштуруу** | Окуучулар менен саламдашуу, окуучуларды жоктоо, класстын тазалыгына көңүл бөлүү, алтын эрежелер менен тааныштыруу, баалоо акчалары менен тааныштыруу, топторго бөлүү; | Мугалим менен саламдашып, сабакка даярданышат. Класстын тазалыгын көзөмөлдөп, алтын эрежелерди эске салышат, баалоо акчалары тууралуу билишет, топторго бөлүнүшөт; | **3 мүнөт** |
| 2 | **Үй тапшырмасын суроо** | Суроолор жазылган тегерек формадагы ак кагаздар топторго таркатылып берилет; | Окуучулар мугалим тараптан берилген тегерекчелердеги суроолорго жооп беришет ; | **4 мүнөт** |
| 3 | **Жаңы темага киришүү** | Окуучуларды сабакка чакыруу максатында аларга 2022 – жыл эмне үчүн » жылы деп жарыялангандыгы тууралуу суроолорду узатуу, кыскача тарбиялык аңгеме айтып берүү; | Ар бир командадан бирден окуучу өз оюн айтышат, мугалим айтып берген тарбиялык аңгемеге кулак төшөшөт; | **3 мүнөт** |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4 | **Жаңы теманы өтүү:**<br><br>**Окуучуларга**<br><br>**тууранды сөздүн жазылышы жана анын тыныш белгилери тууралуу слайд көрсөтүү;**<br><br>**Тууранды сөздөргө кирүүчү сөздөр тууралуу маалымат берүү;**<br><br>**Орфография, орфоэпия, пунктуация тууралуу учкай маалымат;** | Окуучуларга<br><br>Тууранды сөздөрдүн жазылышы жана анын тыныш белгилери тууралуу түшүндүрүп берүү;<br><br>Мугалим окуучулдарга кайсыл сөздөр тууранды сөздөр болоору тууралуу маалымат берет;<br><br>Орфография, орфоэпия жана пунктуация тууралуу окуучуларга учкай маалымат берет; | Окуучулар слайддан көргөн маалыматтарын мугалимдин лекциясы аркылуу толукташат;<br><br>Тууранды сөздөргө кирүүчү сөздөр тууралуу маалымат алышат;<br><br>Окуучулар мугалимдин айтып берген сөздөрүн кунт коюп угушат; | **15 мүнөт** |
| 5 | **Бышыктоо №1** | Мугалим үч топтун окуучуларына атайын сүрөттөр бар таркатма материалдарды таркатып берет. ; | Окуучулар мугалим тараптан берилген таркатма материалдар үстүндө иштешет; | **6 мүнөт** |
| 6 | **Бышыктоо № 2** | Окуучуларга атайын алдын ала даярдалып, ар бир топко бирден суроо жашырылган отургучтар бекитилет. Кимде ким ошол отургучтун үстүндө отурган болсо, доскага чыгып ошол сүйлөмдү туура жана так тыныш белгилери менен жазып берет; Калган окуучулар проектордон көрсөтүлгөн суроолорду дептерлерине тууралап көчүрүшөт; | Окуучулар суроолорду таап, аны доскада иштеп көрсөтүшөт;<br><br>Калган окуучулар экрандан көргөн эки сүйлөмдү туура жана так кылып өз дептерлерине жазып алышат. | **5 мүнөт** |
| 7 | **Бышыктоо № 3** | Детектив оюну! Ар бир топ мүчөлөрүнө экрандан сүйлөмдөр көрсөтүлөт жана окуучулар ал сүйлөмдөн катачылыкты таап оозеки түрдө көрсөтүшөт; | Окуучулар ката жазылган тууранды сөздөрдү же болбосо сүйлөмдөрдү таап, оозеки түрдө айтышат; | **3 мүнөт** |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 8 | **Баалоо жана кайтарым байланыш** | Сабакта активдүү катышкан окуучуларды жана топту баалоо; Окуучулардын бирин – бири баалоосу; | Окуучулар бири – бирин баалашат; | **3 мүнөт** |
| 9 | **Үй тапшырмасын берүү** | Окуучулар менен коштошуп, үй тапшырмасын берүү; | Окуучулар үй тапшырмасын алышат, белгилешет; | **2** |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | **2** | | | |

**Уюштуруу 3 мүнөт:** - Саламатсыңарбы, балдар?! Отургула! Баарыбыз китеп, дептер, калем сапты , сабакка даярдайабыз. Ага чейин бүгүн сабакта ким нөөмөтчү? Бүгүн сабакта кимдер жок? Демек, баары толук, эң сонун! Анда баарыбыз сабакка киришүүдөн алдын сабактагы **алтын эрежелер** тууралуу таанышып алалы.

**Демек, бүгүнкү сабакта баарыбыз:**

- Кол көтөрүп гана сүйлөйбүз;
- Мугалимдин сөзүн кунт коюп угабыз;
- Дептерлерибизге жазабыз;

Азыр болсо мен силерди сабактын башында эле үч топко бөлүп алгым келип турат. Демек, 1 – топко мен «Орфография» деген аталышты, 2 - топко «Орфоэпия» деген аталышты, 3 – топко «Пунктуация» деген аталышты ыйгаргым келип турат. Бүгүнкү сабакта мына ушул үч топтун мүчөлөрү жарыш сыяктуу сабагыбызды баштайбыз, башкача айтканда, бүгүнкү биздин урааныбыз **«БИРӨӨ БААРЫ ҮЧҮН, БААРЫ БИРӨӨ ҮЧҮН!»**

**Үй тапшырмасын суроо 4 мүнөт:** - Азыр кайсыл мезгил балдар? Силер экранда эмнени көрүп турасыңар? Албетте, саргайган жалбырактарды! Менин колумда болсо мына ушул жалбырактардын бөлүктөрү бар. Кызыгы, мен бул ар бир тжалбырактарга бирден суроо жазып койгонмун. Азыр мен үч командага ушул бөлүктөрдү таркатып беремин, эгерде кайсыл команда канча суроого жооп берсе бул жакка чыгып ошол жалбыракчаларды доскага чаптоого мүмкүнчүлүк алат да жыйынтыгында кимдин жалбыракчалары толук бүтүп, кимдики бүтпөй калат, жыйынтык ошого жараша чыгарылат.

**1 – командага (ОРФОГРАФИЯ) суроолор:**

- Тууранды сөз маанисине карай канчага бөлүнөт?
- **«Алыстан эрбең-сербең»** деген сөз маанисине карай кайсыл топто колдонулуучу сөздөргө кирет?
- Төмөнкү сүйлөмдүн ичинен тууранды сөздү таап бер: **Так – так – так! Жаныбарым, Гүлсары!**

**2 – командага (ОРФОЭПИЯ) суроолор:**

- «Кайыр» деген сөз жашообузда кандай мааниде колдонулат?
- Кош сөз иретинде айтылган элес тууранды сөздөргө мисал келтир?
- Төмөнкү сөздөрдүн ичинен табыш тууранды сөздү тап: **тобо,зың-зың, тообо, жал-жал!**

**3 – командага (ПУНКТУАЦИЯ) суроолор:**

- Чагылган жарк-журк этти. Мында «жарк-журк» деген сөз кандай мааниде колдонулду?
- Кыт-кыт күлүп, таң заардан сен кайда? Тууранды сөз кайсыл?
- Кыймылдын сырткы көрүнүшүн көрсөткөн сөздөрдү атап бер?


Жалаң жакшы, жаманы жок аялдын,

Жан жыргалы, жароокери адамдын.

Турмуш көркү, дүнүйөнүн туткасы,

Үйдүн куту апакеси баландын – деп кыргыз адабиятында өзүнүн опол тоодой орду бар, улуу акыныбыз Байдылда Сарногоев жазып кеткендей биз суроолорго жооп берүүнү кыздардан баштайбыз.

**Жаңы темага киришүү 3 мүнөт:** - Балдар, «Адеп деген эмне?- Азаматсыңар, «Ыйман,адеп,ахлак» дегенди. Айтайын дегеним, мен азыр силерге бир жакшы аңгеме айтып берүү менен бүгүнкү сабакты баштагым келип турат.



## А ТАҢА ОКШОБО, УУЛУМ!

Атасы жаңыдан гана алты жашка толгон уулунун берилип сүрөт тартып жаткандыгын көрүп, анын жанына барды:

- Уулум, эмненин сүрөтүн тартып жатасың?
- Сизди, апамды жана өзүмдү – деп уулу атасын жылмаюу менен карады.

Атасы уулунун тартып жаткан сүрөтүнө маани берип караса, эмнегедир уулу атасы экөөсүнүн көкүрөгүнө жүрөкчө тартып, аны кара менен боеп койгон болчу.

- Уулум, жүрөк кызыл түстө болот. Сен бул түс калем менен боешуң керек болчу.
- Муну билемин!
- Анда эмне үчүн кара түскө баедуң?

Бала атасынын жүзүнө күнөөлүүдөй бир карап алып, андан кийин сөзүн улантты:

- Чоң энемдин айткан сөздөрүнө караганда башкаларды ыйлаткан адамдардын жүрөгү кара болот экен... Сиз бүгүн апамды ыйлаттыңыз го?

Уулунун бул сөздөрүнө таасирленип кеткен атасы эмнегедир сөз айтууга буулугуп, аялына жасаган ачуу мамилесине уялып кетти. А бирок уулунун алдында сездирбөөгө аракет жасап, ага тамаша түрүндө суроо узатты:

- - Анда сенин жүрөгүң эмне үчүн кара? Же болбосо сен да кошуна кызды ыйлаттыңбы?
- - Жок, мен эч кимди ыйлатканым жок. А бирок сиз ар дайым мага “сен атаңа окшош болушуң керек” деп айтасыз го? – деп жооп берди баласы.

Өзү билип – билбей атасына чоң сабак берип койгон баласын атасы көпкө кучактап турду. Көкүрөгүндөгү эт жүрөктү эмнегедир калтырак басып, уулуна бир гана сөздү айтканга араң күчү жетти: АТАҢА ОКШОБО, УУЛУМ!

**Жаңы темага киришүү 15 мүнөт: -** Демек, биз бүгүн силер менен биргеликте кыргыз тили сабагынан дагы бир кызыктуу тема менен таанышабыз. Ал темабыз: Тууранды сөздөрдүн жазылышы жана анын тыныш белгилери деп аталат. Дептерлерибизге бүгүнкү дата менен биргеликте теманы жазып алабыз.

**ПЛАН №1.** Окуучуларга Тууранды сөздүн жазылышы жана анын тыныш белгилери тууралуу слайд көрсөтүлөт;

**ПЛАН №2.** Тууранды сөздөргө кирүүчү сөздөр тууралуу маалымат берүү;

**ПЛАН №3.** Орфография, орфоэпия жана пунктуация тууралуу учкай маалымат.

***(Жогорудагы 3 пландын баары тууралуу слайддан маалымат көрсөтүлөт)***

**Бышыктоо (№1) 6 мүнөт.** Азыр болсо мен силерди эки топко бөлүп, бириңерге кыргыздын улуу баатырлары болгон Манастын, экинчиңерге Курманбектин ысымын ыйгармакчымын! **Боз үйдү тааныштыруу!** Биз кыргыз адабиятында ырдайбыз, бийлейбиз, ырларды көркөм окуйбуз, образга киребиз. Кыскасы, баардык турмуштук таланттарды үйрөнөбүз. Азыр болсо эки топтун мүчөлөрү аталган поэмадан өзүңөргө жаккан жеринен үзүндүнү драма аркылуу сахналаштырып бересиңер. Бул тапшырманы аткаруу үчүн мен силерге 6 мүнөт беремин!

**Бышыктоо (№2) 6 мүнөт.** Эми болсо мен силерге кураштырып чечмелөө үчүн даярдалган тапшырманы бермекчимин. Колумда турган бул кыркылган макал – лакаптарды силер бул ак ватмандагы орундукка желим менен чаптайсыңар да, аны чечмелеп бересиңер!

**Бышыктоо (№3) 3 мүнөт.** Баатырлар тууралуу макал – лакап айтышып жарышышат! Жеңген топко 3 боз үй, жеңилген топко 2 боз үй тигүү мүмкүнчүлүгү берилет!

**Баалоо жана кайтарым баалоо 3 мүнөт:** Мугалим боз үйлөрдү эсептеп, сабакка активдүү катышкан окуучуларды белгилеп көрсөтөт. Эки топтон 3 төн окуучуларга өзүнүн белектерин тапшырат.

**Үй тапшырмасын берүү 2 мүнөт:** "Мекен" деген темада дилбаян жазып келүү!

**Мугалим:** - Ушуну менен биздин бүгүнкү сабагыбыз өзүнүн жыйынтыгына келип жетти, кайрадан кийинки сабактардан көрүшкөнчө саламатта баргыла!

**1 – командага (ОРФОГРАФИЯ) суроолор:**

- Тууранды сөз маанисине карай канчага бөлүнөт?
- **«Алыстан эрбең-сербең»** деген сөз маанисине карай кайсыл топто колдонулуучу сөздөргө кирет?
- Төмөнкү сүйлөмдүн ичинен тууранды сөзду таап бер: **Так – так – так! Жаныбарым, Гүлсары!**

**2 – командага (ОРФОЭПИЯ) суроолор:**

- «Кайыр» деген сөз жашообузда кандай мааниде колдонулат?
- Кош сөз иретинде айтылган элес тууранды сөздөргө мисал келтир?
- Төмөнкү сөздөрдүн ичинен табыш тууранды сөзду тап: **тобо,зың-зың, тообо, жал-жал!**

**3 – командага (ПУНКТУАЦИЯ) суроолор:**

- Чагылган жарк-журк этти. Мында «жарк-журк» деген сөз кандай мааниде колдонулду?
- Кыт-кыт күлүп, таң заардан сен кайда? Тууранды сөз кайсыл?
- Кыймылдын сырткы көрүнүшүн көрсөткөн сөздөрду атап бер?

**Орфоэпия** - (гр. «orphoe» - «туура, түз» + «epos» – «айтуу сүйлөө») тилдеги сөздөрдү адабий тилдеги нормасына ылайык айтууга үйрөтүүчү эрежелердин жыйындысы.

1) улуттук тилдин тыбыштык турпатын бирдей сактоону камсыздоочу айтылыш нормаларынын жалпы жыйындысы;

2) айтылыш норманы изилдөөчү илимий тармак.

**Орфография** -(грек. orphos – туура, grapho – жазам) — белгилүү бир тилдеги сөздөрдү жана алардын маани берүүчү бөлүктөрүн бир түрдүү жазуу үчүн белгиленген эрежелердин системасын үйрөтө турган тил илиминин бир бөлүгү. Бул термин грек тилинин «orphos» «туура» жана «grapho» «жазам» деген сөздөрүнөн алынган.

- 1) жазуу кебинде колдонулган, тилдеги сөздөрдү нормага ылайык бирдей жазуунун тарыхый калыптанган системасы.
- 2) тил илиминин нормага ылайык бирдей жазууну камсыз кылуучу эрежелер системасын аныктоочу жана иштеп чыгуучу бир тармагы

**Пунктуация** ( лат. тилиндеги – тыныш белгилердин коюлушу, же ладнаясы лат. – чекит деген сөздөн) – тил илиминин тыныш белгилеринин коюлушу жөнүндөгү Нормага айланган пунктуациядан четтөө авторго айтып аткан нерсесин семантикалык жактан тереңдетүү, чыгармасынын экспрессиялуулугун күчөтүү, ритмди уюш туруу үчүн зарыл болот.

Пуктуация

Орфография

Орфоэпия